**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо жана социалдык**
**өнүктүрүү министрлигинин алдындагы**
**Дары каражаттары жана медициналык**
**буюмдар департаментинин**
**директорунун орун басары**
**Мамбеталиева Ч.М.**____________
**«28»___октябрь___2021-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ИНФЛЮЦИД А
## (INFLUCID® А)

**Соодадагы аталышы**
ИНФЛЮЦИД А (INFLUCID® А)

**Дарынын түрү**
Таблеткалар

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок

**Курамы**
1 таблеткада (250 мг) төмөнкүлөр камтылат:
*таасир берүүчү заттар:* Aconitum trit. D3 25 мг, Gelsemium trit. D3 25 мг, Ipecacuanha trit. D3 25 мг, Phosphorus trit. D5 25 мг, Bryonia trit. D2 25 мг, Eupatorium perfoliatum trit. D1 25 мг;
*көмөкчү заттар:* лактоза моногидраты, буудайдын крахмалы, магний стеараты.

**Сүрөттөмөсү**
Жалпак цилиндр түзүлүшүндөгү, жылмалоосу бар, ак же дээрлик агыш түстөгү таблеткалар, чоң эмес быдырлары бар болушу мүмкүн.

**Фармадарылык тобу**
Гомеопатиялык дары каражаты.

**Фармакологиялык касиеттери**
Гомеопатиялык дарылоо дары каражаттарды колдонуу жана ооруну түшүнүү боюнча салттуу медицинадан ачык айырмаланат. Гомеопатиялык каражаттар организмдин коргоо механизмдерин күчөтүшөт жана анын өз алдынча калыбына келүү жөндөмдүүлүгүн активдештиришет. Гомеопатиялык дарыга организмдин реакциясы кескин жеке түрдө болот.

Ошол себептен дозага ылайык фармакологиялык натыйжалуу таасирлерди, фармакодинамикалык же фармакокинетикалык маалыматтарды аныктоого мүмкүн эмес.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Калтыратма сасык тумоо инфекцияларын жана жогорку дем алуу жолдорунун башка курч вирустук инфекцияларын дарылоо жана аларга карата алдын ала чара көрүү. Сасык тумоону колдоп туруучу дарылоо.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Учтуу жалбырактуу посконник дары чөбүнө (кадимки посконник) же астра/татаал гүлдүүлөр түркүмүнүн башка өкүлдөрүнө, башка таасир берүүчү заттарга же препараттын курам бөлүктөрүнүн бирине жогорку сезгичтик.
1 жашка чейинки балдарга каршы көрсөтүлгөн**.**

**Өзгөчө көрсөтмөлөр жана алдын алуу этияттык чаралары**

Эгер дарыгериңиз кандайдыр бир канттарга көтөрө албастыгыңыздын бар болуусун айтса, препаратты кабыл алууну баштаганга чейин аны менен кеңешиңиз.
Дары каражатында лактоза жана буудай крахмалы камтылган. Галактозаны көтөрө албастыктын сейрек тукум куучулук көтөрө албастыгы, Лаппа лактазасынын жетишсиздиги же глюкоза-галактоза мальабсорбциясы бар бейтаптарга бул дары каражатты кабыл алууга болбойт. Буудай крахмалында глютен камтылышы мүмкүн, бирок аз өлчөмдө гана камтылат, ошондуктан целиакиясы бар балдарга коопсуз деп эсептелет. Буудайга аллергиясы бар бейтаптарга (целиакиядан айырмаланып) бул препаратты кабыл алууга болбойт.

Эгер төмөнкү симптомдор пайда болсо, дарыгер менен кеңешүү зарыл:
- эгер абал жакшы болбой же оордошуп жатса,
- эгер кошумча арызданууылар пайда болсо,
- эгер дене табы сакталып жатса же 39°Cдан жогору болуп жатса.

**Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу**

Препаратты кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде пайда жана коркунуч ара катышын эске алуу менен гана колдонуу керек.
Бул дары каражатты колдонуунун алдында бейтаптарга дарыгер менен кеңешүү сунушталат.

**Унаа каражаттарды же башка механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасир берүүсү**

Таасир бербейт.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Башка дары каражаттар менен өз ара таасири байкалган эмес. Бул гомеопатиялык дары каражатты колдонуу башка дары каражаттарды колдонууну жокко чыгарбайт.
Эгер бейтаптар жакында эле башка дары каражаттарды кабыл алышса, учурда кабыл алып жатышса же келечекте кабыл ала турган болсо, дарыгер менен кеңешүү сунушталат.

*Эскертүү:* гомеопатиялык дары каражаттардын таасирине чылым чегүү жана алкоголду кабыл алуу сыяктуу турмуштук көнүмүш адаттардын негативдүү факторлору терс таасир бериши мүмкүн.

**Дозалоо тартиби жана колдонуу жолу**

Нускаманын, дарыгериңиздин же фармацевттин көрсөтмөлөрүн ар дайым так аткарыңыз. Эгер сиз препаратты туура колдонуу боюнча күмөн санап жатсаңыз, дарыгериңиз же фармацевт менен кеңешиңиз.

Дозалоо тартиби:

Чоңдор: *курч абалдарда*: бир сааттык тыныгуу убакыт аралыгы менен 1 таблеткадан кабыл алышат, абал жакшырганга чейин күнүнө эң көп дегенде 12 таблеткага чейин кабыл алынат. *Андан кийинки дарылоо* үчүн күнүнө 3 жолу 1-2 таблеткадан кабыл алышат.

Инфекцияларга алдын ала чара көрүү үчүн күнүнө 3 жолу 1-2 таблеткадан кабыл алышат.

Балдар

1 ден 11 жашка чейинки балдар: *курч абалдарда*, ар бир 2 саат сайын 1 таблеткадан, бирок симптомдор оңолгонго чейин күнүнө 8 таблеткадан көп эмес кабыл алынат. *Андан кийинки дарылоодо* күнүнө 3 жолу 1 таблеткадан кабыл алынат.

12 жаштан жогорку курактагы балдар: *курч абалдарда*, бир саат сайын 1 таблеткадан, бирок симптомдор оңолгонго чейин күнүнө 12 таблеткадан көп эмес кабыл алынат. *Андан кийинки дарылоо үчүн* күнүнө 3 жолу 1-2 таблеткадан кабыл алынат.
Инфекцияларды *алдын алуу үчүн* 1 ден 11 жашка чейинки балдар күнүнө 3 жолу 1 таблеткадан кабыл алышат, ал эми 12 жаштагы жана андан жогорку курактагы балдар – күнүнө 3 жолу 1-2 таблеткадан.

Колдонуу жолу

Таблеткалар ооздо жай эриши керек. Кичинекей балдарга таблеткаларды аз өлчөмдөгү сууга эзип алуу керек.

Тамактанууга чейин жана андан кийин жарым сааттан кем эмес тыныгуу убакыт аралыгын сактоо керек.

**Кыйыр реакциялар**

Абдан сейрек (<1/10,000) же жыштыгы белгисиз (учурда бар болгон маалыматтардын негизинде баамдоого мүмкүн эмес):
Жогорку сезгичтик реакциялары, мисалы, тери чыбырчыктоолору жана ашказан-ичеги бузулуулары.
Мындай учурларда препаратты колдонууну токтотуп, дарыгерге кайрылуу керек.

*Эскертүү:* гомеопатиялык дарыларды кабыл алууда ага чейинки арзыдануулар убактылуу оордошуусу мүмкүн (баштапкы гомеопатиялык курчуу). Мындай учурларда бейтаптарга препаратты кабыл алууну токтотуу жана дарыгер менен кеңешүү сунушталат.

**Ашыкча доза**
Белгиленген эмес.

**Таңгагы**
20 таблетка блистерде. 2 ден блистер медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен кошо таңгакта.

**Сактоо шарты**
25 °Сдан жогору эмес аба табында, балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
5 жыл.
Таңгакта көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Берүү шарты**
Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**
Др. Густав Кляйн ГмбХ & Ко. КГ.,
Штайненфельд 3, 77736 Целль ам Хармерсбах,
Германия

**Каттоо күбөлүгүнүн ээси**
Альпен Фарма ГмбХ
Штайненфельд 3, 77736 Целль ам Хармерсбах,
Германия